**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ**

2025-жылдын 14-октябры Бишкек шаары

**№ 28**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы №26 " Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндөгү Жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

"Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 4-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндөгү Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м к ы л а т:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин ишин оптималдаштыруу жана жакшыртуу максатында "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндө" Жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Кеңеш Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынан, төраганын орун басарларынан жана судьяларынан, жергиликтүү сотторунун судьяларынан, отставкадагы судьялардан, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринен, юрист-окумуштуулардан түзүлөт. Кеңеш төраганын, секциялардын жетекчилеринин, катчы жана Кеңештин мүчөлөрүнүн курамында иш алып барат. Зарыл болгон учурда Кеңештин ишине Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын, ошондой эле анын орун басарларынын жана Кеңештин катчысынын сунушу боюнча укук коргоо органдарынын, юстиция органдарынын кызматкерлери, адвокаттар, юрист-практиктер, ошондой эле башка квалификациялуу адистер катыша алышат".

2. 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Кеңештин мүчөлүгүнө талапкерлерди 4-пунктта көрсөтүлгөн адамдардын ичинен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы, орун басарлары, судьялары сунуштайт".

3. 10-пункттун "д"пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"д) жергиликтүү соттордун төрагаларынын материалдык жана процесстик укук ченемдерди соттордун колдонуусуна байланыштуу болгон суроо-талабына тиешелүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун соттук коллегияларынын маалымат каттарынын долбоорлоруу боюнча".

4. 14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“14. Кеңештин катчысы Кеңештин жана анын секцияларынын ишин камсыз кылуу максатында:

а) Кеңештин төрагасынын жана секцияларынын жетекчилеринин тапшырмасы боюнча Кеңештин жыйналышынын күн тартибин даярдайт;

б) Кеңештин жыйналышында талкуулоо үчүн Кеңештин мүчөлөрүнө жана чакырылган адамдарга секциялардын жетекчилери, Пленумдун катчысы тарабынан берилген материалдарды даярдайт;

в) Кеңештин боло турган жыйналышы жөнүндө Кеңештин мүчөлөрүнө жана чакырылган адамдарга кабарлайт;

г) Кеңештин отурумуна кароого коюлган маселелерди талкуулоонун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган сунуштамалардын долбоорун даярдайт;

д) Кеңештин отурумдарынын протоколдорунун жүргүзүлүшүн камсыздайт”.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**